Сузак аймактык шайлоо комиссиясы

# ЧЕЧИМ

2024-жылдын 22-ноябры Сузак айылы

«Сузак айылынын Режавалиева көчөсүнүн №45-үйүнүн тургуну, Сузак айылдык кенешинин депутаттыгына талапкер Ф.Умурзакованын арызын кароо жөнүндө».

Сузак айылынын тургуну, Сузак айылдык кенешинин депутаттыгына талапкер Ф.Умурзакова 2024-жылдын 18-ноябрында Сузак аймактык шайлоо комиссиясына, Сузак райондук прокуратурасына арыз жана 2024-жылдын 20-ноябрында КР шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы Н.К.Шайлдабековага даттануу менен кайрылган.

Ал өз арызында Сузак айылдык аймагында жайгашкан №2443 шайлоо участогунда 2024-жылдын 17-ноябрында жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо добуш берүү учурунда бир нече мыйзам бузууларга жол берилгендигине, атап айтканда №2443 участкалык шайлоо комиссиясынын (УШК-нын) төрагасы А.Курбанов арызданууучу Ф,Умурзакованы шайлоо участогунан аймагынан чыгып кетүүнү талап кылгандыгын, добуш берүүнүн жүрүшүндө шайлоочуларды идентификациялоо жабдууларынын жана автоматтык эсептөөчу урналарынын (АЭУ жабдууларынын) үзгүлтүккө учурап шайлоочулардын укугу бузулгандыгына токтолгон. Ошондой эле,

1.№2443 участкалык шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 17-ноябрындагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү протоколун

2.№2443 участкалык шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 17-ноябрындагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү чечимин жараксыз деп табууну;

3.Аталган шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктарын кайра эсептөөнү камсыздап берүүнү суранган.

№2443 УШК-нын төрагасы А.Курбанов өз билдирүүсүндө 2024-жылдын 17-ноябрында добуш берүү процесси жана жыйынтыктоо мыйзамда белгиленген талаптарды сактоо менен өткөндүгүн жана жыйынтыктоодо байкоочулардын катышуусунда кол менен саноо жүргүзүлгөндүгүн билдирген. Бул маалыматты калган шайлоо комиссиянын мүчөлөрү жана талапкерлердин байкоочулары да тастыктаган.

Ошондой эле 2024-жылдын 17-ноябрь күнү №2443 УШК тарабынан талапкер Ф,Умурзакова бир нече жолку эскертүүлөргө карабастан, добуш берүүчү жайга кирип шайлоочуларга үгүт иштерин жүргүзүп жаткандыгы тууралуу билдирүү келип түшкөн. Бул боюнча башка талапкерлердин байкоочулары Д.Карымшаков, Д.Янгибаев, М.Нажимидинов, А.Раимов тарабынан да арыз түшкөн. Сузак аймактык шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Мыйзамынын 41-беренесине ылайык токтоосуз кароого алып, жогоруда белгиленген Мыйзамдын 23-беренесине ылайык; шайлоо алдындагы үгүт добуш берүүгө 24 саат калганда

токтотула тургандыгына таянып, талапкер Ф.Умурзаковага эскертүү берүү менен чектелген.

Арызда белгиленген шайлоочуларды идентификациялоо жана АЭУ жабдуулары үзгүлтүккө учурагандыгы тууралуу №2443 УШК-нын идентификация операторлору У.Акбаров, Н.Шакиров; АЭУ оператору Ф.Салижанов; байкоочулар Д.Хайдарова, М.Бабаев, А.Абдрахмановдор добуш берүү күнү идентификациялоо жабдууларынан техникалык мүчүлүштүктөрдөн улам шайлоочуларга 7-8 даана тесттик бюллетень чыгарылгандыгын, техникалык колдоо тобунун операторлору тарабынан калыбына келтирилгендигин белгилешкен. Ошондой эле тесттик бюллетендер шайлоо бюллетенине дал келбегендиктен АЭУ тарабынан кабыл алынбагандыгын, добуш берүү аяктаганда кол менен саноодо бул шайлоо бюллетендери УШК-нын актысы менен жокко чыгарылгандыгын билдиришкен.

№2443 УШК-нын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколу жана чечими Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 36-беренесине талаптарына ылайык толтурулгандыгын белгилеп, Сузак аймактык шайлоо комиссиясы

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. Талапкер Ф.Умурзакованын .№2443 участкалык шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 17-ноябрындагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү протоколун жана чечимин жараксыз деп табуу жөнүндө суранычы канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Талапкер Ф.Умурзакованын №2443 участкалык шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 17-ноябрындагы добуш берүүнүн жыйынтыктарын кайра эсептөө жөнүндө суранычы канааттандыруусуз калтырылсын.

3.Чечимдин көчүрмөсү талапкер Ф.Умурзаковага, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана рефефрендум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн.

Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы: Г.Сапарова

Катчысы: Т.Умарбекова